№1 пед кенештин чечими
менен кабыл алынды
30.08.2018

БЕКИТЕМИН
Мектеп директору
_____ Нерматов Ж.М
"__" ______ 2018 жыл.

## Аттестат жана күбөлүк берүү китепчесин жүргүзүү Жобосу

КР өкмөтүнүн 2012- жылдын 23- июлундагы №517 токтому менен бекитилген КРда иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын талаптарына ылайык

1. Жалпы орто билими тууралуу аттестат, жалпы негизги билими тууралуу күбөлүк берүү боюнча учет китеби III баскычтагы классатары бар ар бир жалпы билим берүү окуу жайларында жүргүзүлөт.

2.Китептин биринчи бөлүгүндө номерлери көрсөтүлгөн жана берилген аттестаттын бланктарынын саны өзүнчө эске алынат.

3. Толтурулбаган актай аттестат,негизги билими тууралуу күбөлүк бланктарынын артып калгандары райондун билим берүү бөлүмүнө өткөрүлөт

4. Жалпы орто билими тууралуу аттестат, жалпы негизги билими тууралуу күбөлүктүн бланкын бергендиги жөнүндө учет китеп, билим берүү мекемесинин директорунда сакталат.

5. Жалпы орто билими тууралуу аттестаттын, жалпы негизги билими тууралуу күбөлүктүн берилгендиги жөнүндөгү учет китепке номер коюлат, тигилет жана рай(шаар) ЭАБнын башчысынын колу коюлуу менен моор басылат.

6. Жалпы орто билими тууралуу аттестат, жалпы негизги билими тууралуу күбөлүк педагогикалык кеңешинин чечиминин негизинде берилет. Токтомдун датасы жана номери сөзсүз түрдө учет жүргүзүүчү китепке жазылат.

7.Китептин экинчи бөлүгүндө орто мектепти, негизги мектепти бүткөндүгү тууралуу маалымат жазылат. Окуучунун бүткөн жылы китептин ортосуна аты, атасынын аты жана фамилиясы көрсөтүлөт.

8. Эреже боюнча, жалпы орто билим берүүчү, жалпы негизги билим берүүчү мекемени бүткөндөн кийин орто билими тууралуу аттестат, күбөлүк бир жуманын ичинде берилет.

9. Орто билими тууралуу аттестат,негизги билими тууралуу күбөлүк бланкындагы бардык жазуулар учет жүргүзүү китебинде так жана өз убагында жүргүзүлүүгө тийиш.

10. Учет жүргүзүү китебинде оңдоолор, өчүрүүлөр болбош керек. Керектүү оңдоолор, ошондой билими жөнүндөгү документтин өз убагында алынбаганынан

Сканировано с CamScanner

документтердин кийин берилгени тууралуу жазуулар билим берүүчү мекеменин директорунун колу коюлуу менен моору басылып ырасталат.

11. Жалпы орто билими тууралуу аттестат, жалпы негизги билими тууралуу күбөлүктүн дубликатын берүүдөгү жазуу аттестатты, күбөлүктү берүүнүн кийинки номери менен жүргүзүлөт, № 4-25 графаларга төмөнкү тексти пайдаланса болот: "Жоголгон №____________ __________ число __________айы _______________жылы берилген түп нусканын ордуна берилүүчү дубликат" жогору экинчи сапка дубликатты №____________ берүү тууралуу жазуу жазылат. Дубликаттын берилгендиги тууралуу дубликаттын номерин көрсөтүп, китептин бетине түп нусканын берилгени жазылган жерге да жазылат. Ал үчүн бош графалар пайдаланылат.

12. Учет жүргүзүү китебине жазылган бардык бүтүрүүчүлөрдүн тизмесинин аягына берилген аттестатка, күбөлүккө кол койгон мугалимдер кол коюшат жана Билим берүүчү мекемелеринин гербдүү мөөрү басылат.

13. Экстернат менен бүткөн бүтүрүүчүлөргө берилген аттестатты, күбөлүктү учет жүргүзүү китебине "экстернат" деген белги коюлат. Билим берүүчү мекеменин директорунун колу жана гербдүү мөөрү менен бекитилет.

Учет жүргүзүү китеби 50 жылга сакталат

Сканировано с CamScanner